чыгарууга, эстеликтерин курууга карата жасаган коомдук иш-аракеттери, кылган кызматы алкоого татыйт.

Ал мамлекеттик иштерде , билим берүү маселелерин чогуу жүргүзүп, Кыргызстанда, чет өлкөлөрдө парламенттик жана билим берүү боюнча көптөгөн баяндамаларды жасаган.

Ж.Каниметов 1999-жылы педагогика адистиги боюнча кандидаттык, 2009-жылы “Билим берүү системасын башкарууну демократиялаштыруу” аттуу темада докторлук диссертациясын жактап, педагогика адистиги боюнча профессордук илимий наамын алган.

Ал педагогика адистиги боюнча Адистештирилген диссертациялык кеңештин мүчөсү, 3 монография, 4 окуу-методикалык эмгектин, 4 окуу куралдын, 105 илимий, 35 публицистикалык макалалардын автору.

Жангороз Каниметов өрнөктүү өмүр жолу менен өз элинин чыныгы мекенчил, кесипкөй, эмгекчил инсаны катары жалпы кыргыз журтуна таанымал.

Кыргыз ССРнин жана Кыргыз Республикасынын мугалимдеринин съезддеринин бир нече жолку, 1988 – жылы СССРдин Билим берүү кызматкерлеринин I съездинин делегаты (Москва) болгон.

Ж.Каниметов «Манас-1000», «Даңк» медалдары, Кыргыз ССРинин, СССРдин «Билим берүүсүнүн отличниги», КР Жогорку Кеңешинин бир нече ардак грамоталары менен сыйланган, «Кыргыз Республикасынын Эмгек сиңирген мугалими» деген ардактуу наамдарга татыктуу болгон. Ал К.Карасаев, Т.Сыдыкбеков медалдарынын ээси.

Ж.Каниметов Кыргыз Республикасынын II класстагы мамлекеттик кеңешчиси, Ысык-Көл облусунун, АКШдагы Флорида штатынын ж.б.өлкөлөрдүн ардактуу атуулу жана бир нече университеттердин ардактуу профессору.

## УЮШТУРУУЧУЛАР

**Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги**

**Кыргыз Республикасынын Жогорку окуу жайларынын ассоциациясы**

**К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университети**

**И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети**

**К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети**

**Ала-Тоо эл аралык университети**

**Кыргыз Республикасынын Улуттук китепканасы**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭМГЕК СИҢИРГЕН МУГАЛИМИ, ПЕДАГОГИКА ИЛИМДЕРИНИН ДОКТОРУ, ПРОФЕССОР**

**ЖАНГОРОЗ КАНИМЕТОВдун**

**70 жаш маарекесине арналган**



# «САНАРИПТИК ТРАНСФОРМАЦИЯ ШАРТТАРЫНДА БИЛИМ БЕРҮҮ СИСТЕМАСЫНЫН МОДЕРНИЗАЦИЯСЫ»

**аттуу эл аралык илимий-практикалык**

**КОНФЕРЕНЦИЯ**

**Бишкек, 30-март, 2020-жыл**

***Урматтуу___________________***

*2020-жылдын 30-мартында белгилүү коомдук ишмер, окумуштуу-педагог, Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими, Эл аралык педагогикалык билим берүү академиясынын академиги (Москва, МАНПО), педагогика илимдеринин доктору, профессор* ***Жангороз Каниметовдун 70 жылдыгына*** *арналган эл аралык илимий-практикалык конференцияга чакырабыз.*

Конференция **К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетининин чоң конференция залында** саат 10:00 өтөт.

**Дареги**: Бишкек шаары, Ч.Айтматов проспектиси 27.

**Каттоо** саат 9:00 башталат.

Маалымат үчүн телефондор:

(0312) – 218659;

(0312) – 218711;

(0312) – 218511;

(0312) – 542186.

## *Өмүр жолу*

Жангороз Каниметов 1950-жылы 30-мартта Ысык-Көл облусунун Түп районундагы Токтоян айылында туулган.

1966-жылы Караколдогу Киров атындагы орто мектепти бүтүрүп, 1971-жылы Пржевальск мамлекеттик педагогикалык институтун аяктап, Түп районундагы Каркыра мектебинде мугалим, директор (1971-1979), Арал орто мектебинин директору (1979-1984), Түптөгү Кайкин атындагы орто мектептин директору (1984-1987), Ак-Суу райондук элге билим берүү бөлүмүнүн башчысы (1987-1988), Кыргыз ССРинин Элге билим берүү министрлигинин мектептер башкармалыгынын башчысы, министрликтин коллегия мүчөсү (1988-1991), Ысык-Көл облустук билим берүү башкармалыгынын башчысы (1991-1997), Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министринин орун басары, И.Арабаев атындагы КМУ, Кыргыз-Түрк Манас университетинин профессору, Ала-Тоо эл аралык университеттеринде ректор жана проректор кызматтарын аткарып келет. Ж.Каниметов мамлекеттик жана коомдук иштерде активдүү эмгектенип, айылдык, райондук, облустук, Жогорку кеңештин депутаты болгон.

1995-2000 жылдары Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Эл өкүлдөр жыйынына, 200-2005-жылдары Жогорку кеңештин Мыйзам чыгаруу жыйынына жана 2007-2010-жылдары Жогорку Кеңешке депутат болуп шайланып, эки чакырылышта (1995-2005) Жогорку Кеңештин билим, илим жана маданият комитетинин төрагасы болгон. Депутаттык ишмердигинде Парламентте кыргыз-түрк достук коомун башкарып, эки өлкөнүн ортосундагы достук байланыштарын түзүүдө жана аны өнүктүрүүдө, ошондой эле Ысык-Көл облусунун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн (1999-2009) он жылдык планын Өкмөттө бекитип, аны ишке ашырууга ж.б. иштердин ийгиликтүү жүрүшүнө салымын кошуп, депутаттык ишмердиги жемиштүү болгон.

«Мугалимдердин статусу» (2000), «Билим берүү жөнүндө» (2003), «Экологиялык-экономикалык Ысык-Көл системасынын туруктуу өнүгүшү жөнүндө» (2004) Кыргыз Республикасынын Мыйзамдары жана башка кыргыз коомчулугунун кызыкчылыгын сактоого багытталган мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү киргизүүдө демилгечи болуп, Ж.Каниметов аны Жогорку Кеңеште мыйзамдын автору катары коргогон. 1995-2010-жылдары КМШ парламенттер аралык ассамблеясына мүчө болуп, 2005-жылы «Мугалимдер статусун» кайрадан иштеп чыгып, ал моделдик мыйзам катары кабыл алынган. Бул мыйзамдар бүгүн

улуттук билим берүүнүн базалык-укуктук документи катары кызмат кылууда.

Ж. Каниметовдун «Ысык-Көл» коомдук фондусунун негиздөөчүсү, уюштуруучусу катары Ж.Абдырахманов, К.Тыныстанов, К.Карасаев, Боронбай бий ж.б. улуу инсандарды даңазалоого, китептерин